*Акматкулов А.А.,*
***п.и.д.***
***Кыргызский Государственный Технический Университет им. И. Раззакова***

***Зикирова Г.А.***
***Ошский Технологический Университет***

# УЛАМАЛУУЛУК МЫЙЗАМ ЧЕНЕМИ, АНЫН ТААНЫП БИЛҮҮДӨГҮ ОРДУ ЖАНА РОЛУ

# РОЛЬ И МЕСТО ЗАКОНОМЕРНОСТИ ПРЕЕМСТВЕННОСТИ В ПОЗНАНИИ

***Түйүндүү түшүнүк:*** *бул макалада уламалуулук мыйзам ченеми анын таанып билүүдөгү орду жана ролу каралган.*

***Ключевые слова****: Роль и место закономерности, преемственность, познании, процесс познания, обучение.*

Илимий теориялык адабияттарда “уламалуулук” көп аспектилүү татаал түшүнүк болуп санала тургандыгы, андан философиялык жана педагогикалык аспектилерди бөлүп кароого болоорун көптөгөн иликтөөлөр айкындады.

Уламалуулукту жалпысынан коом менен табияттын өнүгүүсүнүн обьективдүү мыйзам ченемдүүлүгү болуп эсептелет. Уламалуулуксуз ишмердүүлүктүн бардык тармактарында алга жылуу мүмкүн эмес, себеби “жаңы нерсе жоктон пайда болбойт. Анын терең тамыры өнүгүүнүн мурдагы этабында жатат, өткөндөн жаралат, уруктан өнгөн дарак сыяктуу кеткен нерседен өсүп чыгат да, өз кезегинде, өзүнө келечектин түйүлдүгүн камтып турат».

Философиялык адабияттарда уламалуулуктун өнүгүү учуру катары (Э.А. Баллер) [31], өнүгүү процессинде эски менен жаңынын ортосундагы обьективдүү байланыш «өнүгүүнүн кадамын, касиеттерин мүнөздөөчү зарыл белги» катары түшүндүрүлөт (Г.Ф. Гегель) [68],

Чоң советтик энциклопедияда: «Уламалуулук – бул өнүгүү процессиндеги кубулуштардын арасындагы байланыш, мында жаңы нерсе эскини алмаштыруу менен анын айрым элементтерин өзүндө сактап калат». Бул жерде уланмалуулуктун обьективдүү жана жалпылык мүнөзү баса белгиленген. Андан сырткары, “уламалуулук – коомдун эс тутумунун өзгөчө механизми, ал өткөндүн маданий маалыматтарын топтоону жана сактоону ишке ашырат, анын негизинде жаңы баалуулуктар жаралат”- деп белгиленет

И.Ш. Ганелин [66] өз изилдөөлөрүндө аныктагандай, “уламалуулук – бул өнүгүп жаткан реалдуулуктун ар түрдүү сапаттык абалдарынын арасындагы байланыштардын эң маанилүү тибин чагылдыруучу түшүнүк, бул реалдуулуктун маңызы таанылуучу системанын ичинен абалдын жеткен чечегин сактоо, кайра жаратуу жана модификациялоо биримдигинде турат»

Ошентип, философияда уламалуулук өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгү катары каралат. Уламалуулук диалектиканын таанууну таануу, сандан сапатка өтүү, карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү сыяктуу кубулуштарды камтыйт.

Окутуудагы уламалуулук ар тараптуу өнүккөн инсанды калыптандырууну, анын кесиптик маанилүү жактан маанилүү сапаттарын, өндүрүштү автоматташтыруу жана компьютерлештирүү шарттарында жеке адамды багыт алуу билгичтигин тарбиялоону уюштуруунун жаңы формаларын кийирүүнү талап кылат.

Окутуунун түрдүү деңгээлдеринин арасындагы уламалуулукту ишке ашыруу механизминде педагогикалык процесстин үзгүлтүксүздүгүн жана бүтүндүгүн камсыздоо зарылдыгы менен анын натыйжаларынын жана окутуунун дискреттик мүнөзүнүн ортосунда карама-каршылык жаткандыгы эсептелет. Чындыгында, билим берүү системасы педагогикалык максатта табият таануу жана техникалык обьектилер мыйзамдарынын обьективдүү жана көп жактуу өз ара “торчолуу” байланыштарынын биримдигинен турат..

Жаратылыштын кубулуштары менен мыйзамдары илимдердин негиздеринде окуп үйрөнүлөт, ал эми техникалык обьектилер менен технологиялык процесстер – жалпы техникалык жана атайын курстарда окуп-үйрөнүлөт. Өздөштүрүлүүгө тийиш болгон материалды бөлүү маалыматтын өзгөчө кыйынчылыксыз кабылдануучу бөлүгү алынганга чейин жүргүзүлөт. Ар кандай дисциплина бөлүктөргө, бөлүктөр – темаларга, темалар – айрым-айрым суроолорго бөлүнөт. Окутуунун дискреттик мазмунуна педагогикалык процесстин дагы дискреттик мүнөзү дал келет. Ал эми окутуунун дискреттүүлүгү аны уюштуруу формаларынын ар түрдүүлүгүнөн (сабактар, лекциялар, семинарлар ж.б.) ачык көрүнөт.

Мурунку муундардын тажрыйбасын натыйжалуу пайдалануу үчүн дискреттик окутуу процесси системалуу жана толук илимий билимдерди, бил-

гичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу менен, аларды синтездөө менен коштолот. Чындыгында ар түрдүү сабактык предметтер боюнча берилүүчү билимдерди синтездөө этабы негизинен окутуучунун жардамысыз, студенттердин өзү тарабынан ишке ашырылат.

Үзгүлтүксүз билим берүүнүн бирдиктүү системасындагы натыйжаларын камсыздоочу, система түзүүчү маанилүү фактору болуп уламалуулук эсептелет.

Уламалуулуктун таанууну-таануу мыйзамынын бир тарабы катары көрүнүшүнүн мисалы болуп чакан адистештирилген кесиптик окутуудан кесиптик-техникалык билим берүүнү интеграциялоо шарттарында кесиптин топторуна жана кеңири профилдүү кесиптерге окутууга өтүүнү камсыздоо болуп эсептелет. Окутуунун биринчи түрүн экинчиси танбайт, чакан адистештирилген кесиптик билим берүүнүн элементтери кеңири профилдеги кесиптерге үйрөтүүнүн негизи катары кабыл алынат.

Ошондуктан бул диалектикалык мыйзамдар окутуудагы уламалуулукту ишке ашыруу механизмин да ачып берүүгө жардамдашат. Эми уламалуулуктун Ю.А. Кустов [151] тарабынан сунушталган жөнөкөй актысынын схемасына кайрылып көрөлү. Автор айткандай, калыптандырылуучу түшүнүктүн өнүгүшү уламалуулуктун жөнөкөй актыларынын жыйындысын элестетет, бул актылар өлчөмү боюнча өсүп, биринин артынан бири бараткан звенолор түрүндөгү түзүмгө ээ. Ар бир звенонун компоненттери төмөнкүлөр:

- бүтүн нерсенин элементи же ядро;
- келечектин түйүлдүгү;
- кийирилүүчү жаңы нерсе;
- таанылуучу же алынып салынуучу элемент.

Башкача айтканда, өнүгүү механизми төмөнкүдөй: мурдагы звенодонкийинкинин белгилери байкалат, ал эми андан кийинкисинде мурдагысынын өзөгү сакталат да, мурункусунда түйүлдүк абалында болгон жаңы нерсе өнүгө баштайт, демек бир звенодон экинчисине өтүүдө мурункусунун кандайдыр бир бөлүгү танылат.

Ошентип, «таанып билүү – мазмундун белгилүү бир элементтерин таануучу бирдиктүү процесс, ошондой эле эски нерседеги оң көрүнүштү сактоо жана көбөйтүү, аны кайра өзгөртүп түзүү, таанып-билүүнү өнүктүрүүнүн бир топ жогорку стадиясына өтүү» [8. 22-б.]. Окутуунун уламалуулугу таанып-билүүдөгү үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу менен, натыйжада жаңы билимдин пайда болушунун зарыл шарты болуп саналат.

“Уламалуулук” категориясы "өнүгүү" стратегиясы менен тыгыз байланышкан. Уламалуулук бардык өнүгүп турган кубулуштарга, процесстерге мүнөздүү болгон жалпы жана маанилүү байланыштарды чагылдырат; диалектикалык өнүгүүнүн маанилүү учурун каттоого алат – бул эскинин белгилеринин жаңыда бар экендигин камсыздайт. Өнүгүү процессин бир деңгээлден экинчи деңгээлге өтүү катары карашат. Уламалуулук негизинен, мурунку баскычтарда жетишилген нерсенин андан ары өнүктүрүүнү болжойт, мунсуз алга жылуу мүмкүн эмес. Эски, классикалык жана жаңы билимдердин ортосунда уланмалуулук байланыш – диалектикалык тануу сакталат: жаңы нерсе эскини толугу менен танбайт, анын бир топ рационалдуу бөлүгүн өзүнө камтып калат, аны толуктап, жыйынтыгында анын колдонулуу чектерин тактайт да, белгилүү бир сапаттык чектеги өтүүдө аны эски – классикалык жана салттуу нерсеге айландырат.

Ушундай илимий өңүттөн назар салсак, психология менен физиологияда уламалуулук жогорку психикалык функциялардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн окуп-үйрөнүү контекстинде каралат.

Окутуудагы уламалуулукту психологиялык-физиологиялык жактан негиздөө үчүн жеке адамдын психикалык жогорку нерв ишмердүүлүгүнүн эки сигналдык системалары жөнүндөгү И.П. Павловдун жобосу зор мааниге ээ болот. Анткени, улуу орус физиологу, жеке адам тарабынан сырткы чөйрөдөн алынган маалыматты кайра иштеп чыгуу кандайча жүрөт?- деген суроого жооп берүү менен, И.П. Павлов маалымат алуучу өзүнүн каналдарына ээ болгон жогорку нерв ишмердүүлүгү болоорун айтып, аларды биринчи жана экинчи сигналдык системалар деп айтат.

«Биринчи сигналдык системага ал организмге дүүлүктүрүүчүлөрдүн таасир этүүсүнүн натыйжасында пайда болуучу психикалык образдарды киргизген. Экинчи сигналдык системага сүйлөө жана ойлоо процесстерин киргизген. Жогорку деңгээлдеги интеллектиги бар адам үчүн экинчи сигналдык системаны дүүлүктүргүч катары ал анализаторлордун жардамында кабылдануучу сөздү карайт».

Ю.А. Кустовдун пикири боюнча, И.П. Павловдун маанилүү көрсөтмөсү болуп төмөнкү эсептелет: «сөздөр баш мээде биринчи сигналдык системанын дүүлүктүргүчтөрү менен байланышкан учурда гана экинчи сигналдык системанын дүүлүктүргүчтөрүнүн функциясын аткара алат» [151. 22-б.].

Окутууда теория менен практиканын, жалпы теориялык дисциплиналар менен кесиптик тартип сабактарда билимдерди үйрөнүүнүн ортосундагы уламалуулуктун бузулушунун психофизиологиялык механизмин изилдеп, негиздүү түрдө корутунду чыгарат: «теорияны окуп-үйрөнүүдө окуп жаткандардын аң-сезиминде негизинен экинчи сигналдык системанын дүүлүктүргүчтөрү менен болгон убактылуу байланыштар түзүлөт. Мында сөз-дүүлүктүргүчтөр биринчи сигналдык систе-

манын дүүлүктүргүчтөрү менен байланышпайт. Натыйжада мындай сөздөр, алардын арасындагы мамилелер адам үчүн жөн эле маанисиз болуп калат да, өзүнүн негизги функциясын – предметтерди жана алардын арасындагы катышты билдирүүнү аткарбайт.

Башкача айтканда, эки сигналдык системанын өз ара аракеттенүү шартында гана теория менен практикага натыйжалуу үйрөтүүдө уламалуулукту ишке ашырууга мүмкүн.

Студенттердин илимий түшүнүктөрдү өздөштүрүү процессине карата А.В. Усова мындай деп белгилейт: «Түшүнүктөрдүн пайда болуусунун нервдик-физиологиялык механизми – экинчи сигналдык системанын убактылуу байланыштары. Бирок бул системанын ишмердүүлүгү дайыма биринчинин негизинде жана экинчи менен өз ара аракеттенүүдө жүрөт. Түшүнүктөр биринчи сигналдык системанын сигналдарын бөлүп кароонун, жалпылоонун, анализдөөнүн жана синтездөөнүн натыйжасында гана жаралат» [283, 29-35-б.].

Ошентип, окутуудагы, тактап айтканда, анын мазмуну менен усулдарындагы уламалуулук, экинчи сигналдык системанын биринчи менен болгон убактылуу байланыштарына таянуу менен, түшүнүктөрдүн мазмунунун баюуусуна, алардын ортосундагы байланыштардын толук ачылышына өбөлгө түзөт. Ошондуктан окутуунун бардык этаптарында жогорку нерв ишмердүүлүгүнүн эки сигналдык системасын колдоо аркылуу уламалуулукту камсыз кылуу зарыл.

Адамдын психикалык жактан өнүгүүсүндөгү уламалуулукту изилдөөдө С.Л. Рубинштейн уламалуулуктун маңызын мындан көрөт: өнүгүүнүн ар бир кийинки стадиясы мурункусунан өсүп чыгат, ал кийинки баскыч үчүн ички шарт болуп саналат, ошондуктан бардык стадиялар өз ара байланышкан. С.Л. Рубинштейн «сырткы себептер ички шарттар аркылуу аракеттенет (бул шарттар сырткы аракеттердин натыйжасында өздөрү калыптанат)» - деп белгилейт [235, 328-б.].

Демек, киши тарабынан аракеттер менен билимдердин белгилүү бир ыкмаларын өздөштүрүү өзүнүн өбөлгөсү катары, анын ички шарты катары акыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн белгилүү бир деңгээлине ээ болот, а бул болсо өз кезегинде, аракеттер менен билимдердин бир топ татаал ыкмаларын өздөштүрүү үчүн шарт жаратууга алып келет. Ошентип, окутуудагы уламалуулук адамдын психофизиологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тыгыз байланышкан. Демек, уламалуулук проблемасы табиятта, коомдо жана жеке инсандык ойломдо көрүнүү менен, универсалдуу мүнөзгө ээ.

Окутуудагы уламалуулук проблемасынын пайда болуу тарыхы боюнча адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, жашоо турмуштагы бул проблема жаштарга адамзаттын мурунку муундары топтогон социалдык тажрыйбаны үрп-адаттар, адеп-ахлактык каада-салттар, ырым-жырымдар, жүрүм-турумдун этикалык нормалары, жалпы жашоо эрежелери ж.б. аркылуу өткөрүп берүү муктаждыгына байланыштуу педагогикада пайда болгон.

Маселен, революцияга чейинки педагогикада окутуудагы уламалуулук проблемасын чечүүдө төмөнкүдөй багыттарды бөлүп алууга болот: биринчиден, уламалуулук элге билим берүү системасынын түзүлүш принциби (М.В. Ломоносов, Н.И. Пирогов ж.б.) катары; экинчиден, үйрөнүүдө эски менен жаңыдан алынган билимдердин ортосундагы байланыштуу орнотуу шарты катары (Н.Х. Вессель, К.Д. Ушинский ж.б.) каралган; үчүнчүдөн, жеке ар бир баланын өз алдынчалыгынын шартында анын өзүнүн өнүгүүсүндөгү уламалуулук жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен козголгон (П.Ф. Каптеров).

Уламалуулук проблемасына революцияга чейинки атамекендик жана чет өлкөлүк педагогикалык адабияттардагы болгон көз караштарды талдоо көрсөткөндөй, уламалуулук же окутуу процессиндеги өткөндүн, азыркынын жана келечектин өз ара байланышы катары, же студенттердин билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу удаалаштыгы катары каралат. Анын үстүнө педагогикалык адабиятта коомдук өнүгүүдөгү, элге билим берүүнүн түзүлүшүндөгү уламалуулукка, ал эми батышта – баланын жеке өзүнүн өнүгүүсүндөгү уланмалуулукка (Ф.А.-Дистервег, Я. Коменский, И.Г. Песталоцци) зор көңүл бөлүнөт. Окутуудагы уланмалуулук боюнча XX кылымдагы педагогикалык адабияттарга болгон ретроспективдүү талдоо, аны иштеп чыгууда төмөндөгүдөй бир нече шарттуу этаптарды бөлүп алууга мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**

1. Баллер Э.А. Преемственность в развитии культуры. — М: Изд-во «Наука», 1969. С. 294.
2. Бекбоев И., Алимбеков И.А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүдөгү мектептердин мугалимдери жана ЖОЖдун студенттери үчүн: - Бишкек. Бийиктик, 2011.- С.192.
3. Батаршев А.В. Педагогическая система преемственности обучения в общеобразовательной и профессиональной школе. — СПб.: Изд. Интапрофтехобразования РАО, 1996. - С. 90.